ЫрыскелдиеваА.К., Кубанычбеков Э.

НАРЫН ШААРЫ БОЮНЧА ЖУМУШСУЗДУКТУН АБАЛЫ

Адам баласы тээ алгачкы общиналык коомдон баштап эле эмгектенүүнүн аркасында жашоо-турмушун өтөп. тукум улап келатканы баарыбызга эле маалым эмеспи. Адам акылынын уламдан-улам өсүп-жетилиши менен, эмгек куралдарынын түрлөрү мезгил өткөн сайын өркүндөтүлүп жасалып олтуруп. механикалык, автоматикалык, электро-техникалык, атомдук жабдууларга айландырылды.

Мунун натыйжасында адамзаттын жашоо-турмушу да космостук деңгээлге жетти. Ошондой болсо да. жер планетасындагы мамлекеттердин экономикалык абалы ар башка. Антсе да, биздин Кыргызстан сыяктуу өлкөлөр алга карай өсүү аракетинде. Мезгил өткөн сайын акырындык менен алга жылуулар, өсүүлөр болууда.

Бийик тоолуу Нарын облусу Кыргызстандагы айыл жана мал чарбачылыгына ыңгайлуу. Облустун аймагында 65миңден ашуун калк жашап, анын көпчүлүгү дыйкан жана фермер чарбачылыгы менен алектенип, негизинен арпа, буудай, картошка. беде, эспарцет өсүмдүктөрүн өстүрүшөт. Айрымдары капуста. сабиз. турп сыяктуу жашылчаларды, азыраагы мөмө-жемиштерин өстүрүнгүп, соода-сатык кылышат.

Ал эми малчы фермерлер төрттүлүк малды түгөл остүрүшүп, тоок багышат. Алардан алынган тери. жүн, тыбыт сыяктуу продукцияларды, ошондой эле эт, сүт, жумуртка сындуу азыктардын өздөрүнөн ашканын сатуу менен киреше табышат.

Албетте, облустун райондорундагы айылдардын калкынын жашоо-шарты жакшы десек болот. Себеби.алар мамлекет тарабынан жер үлүштөрү менен камсыз болушкан. Малга жайыт кенен. ‘*Эр эмгегин жер жебейт'', - деп, эл макалында айтылгандай. жер иштетип, дыйканчылык менен шугулданган фермер-дыйкандардын жашоо турмушу тээ СССР маалындагыга караганда жакшырып калганы, алардын кабат-кабат болбосо да заңгыраган үйлөрүнүн, короо-жайларынын заманбап курулушунан, минген жеңил жана жүк ташуучу автоунааларынан. колдонгон башка учурбап техникаларынан байкалып турат.

Жумушсуздук көйгөйлөр

Маселе мында болууда: атайын орто. же жогорку билимдүү жаштарга адистигине ылайык жумуштун жоктугу. Ошондон улам алар ар кандай чет өлкөлөргө карай агылышууда.

1. Нарын облусунда ири өнөр жай ишкааналарынын жоктугу;
2. Атайын орто окуу жайларынын жана ЖОЖдордун адистерди арбын даярдоолору;

3. Облустагы мекеме-уюмдарда ашык иш орундарынын жоктугу;

4. Иш орундарынын коррупциялык жол менен сатылышы;

5. Мекеме уюмдардагы жана жеке ишканалардагы эмгек акынын аздыгы;

6. Адистерди турак-жай жана социалдык жактан муктаждыктарын чечүүгө өкмөт тарабынан камкордуктун жоктугу.

Нарын облусунун административдик жана социалдык маданий борбору болгон Нарын шаарында негизинен облустагы Ак-Талаа, Ат-Башы, Кочкор, Жумгал, Нарын сыяктуу 5 райондун жана Нарын шаарынын калктарынан куралган 47720 адам жашайт. Шаардыктар мындагы мамлекеттик 169, муниципалдык-коммуналдык 47 жана жеке менчик 964 мекеме-уюмдарда эмгектенишет.

Албетте, шаарда бардыгына эле жумуш оруну жетишсиз эмеспи. Ошондуктан жумуш издегендердин баары болбосо да, кайсы бир бөлүгү Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Нарын шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгына кайрылышат...

2016-жылдын 1-январына карата аталган башкармалыкка 2312 иш издөөчү катталган. Мунун ичинен официалдуу жумушсуз статусун алгандар - 1710. Өткөн 2015-жылы башкармалык тарабынан 570 адам ишке орноштурулган.

Ал эми 51 адамга 15%дык кайтарымдуу кичи кредиттер өз жекече ишкердүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында берилген. Алардын жалпы суммасы 1 млн 250 миң сомду түзгөн.

Мындан сырткары, башкармалык тарабынан кесиптик лицей менен келишимдин негизинде 287 адам окууга киргизилип, алардын 199у кесипке ээ болуп чыгып, ишке орноштурулган.

Башкармалык иш издөөчүлөргө бүгүнкү күндөгү эмгек базарына шайкеш келген кесиптерге ээ болууга багыт берүүдө. Маселен, ширетүүчү, ашпозчу, тигүүчү, компьютерщик адистиктерине окууга №86 жана №30 кесиптик лицейлер менен түзүлгөн келишимге ылайык жиберишүүдө. Кыска мөөнөттө полдорду жана үйлөрдү жылуулоо боюнча өнөргө да ээ болушкандар бар. Айрым иш издөөчүлөр акы төлөөнүүчү коомдук жумуштарга убактылуу тартылышууда. Тапшырык кылган мамлекеттик коомдук жайларды жана жеке менчик мекемелерди, үйлөрдү оңдоо, куруу, тазалоо иштерин аткарып жатышат.

Ал эми андай жумуштарга жөндөмсүз, же жогорку билимдүү адистерге жумуш оңой менен табылбасы маалым. Алардын басымдуу бөлүгү Бишкекке, же андан ары чет өлкөлөргө жумуш издеп кетишүүдө. Көздөгөндөрүнө жетишеби, жетишпейби, бул суроо?..

Кыргызстан качан чоң өнөр жайга, зор экономикага ээ болуп, эл толук жумуш менен камсыз болоор экен? Ошол күн тез эле келсе экен?!.

Ооба, биз эле эмес, 6 миллиондон ашуун кыргыз элинин жана жергебизде жашап жатышкан кыргызстандык башка улуттардын да тилегени ошол эмеспи !..

Чындыгын айтканда, Кыргызстан, анын ичинде бийик тоолуу Нарын облусу ар кандай кен байлыктарга абдан бай. Алтын, күмүш, сымап, темир жана башка баалуу Менделеевдин мезгилдик системасындагы элементтердин дээрлик бардыгы бар. Аларды казып алуу жана кайра иштетүүнүн технологиясын өздөштүрүү, базар экономикасынын шарттарына шайкеш буюмдарды жасап чыгаруу кудуретине ээ болчу болсок, анда Кыргызстаныбыз дүйнөдөгү ири мамлекеттерден да озуп өтүп, ааламга атагы чыгаар эле !?.

Дагы бир биздин Мекенибизди өнүктүрүүнүн зор мүмкүнчүлүгү - туризмди өркүндөтүү. Анткени, кыргыз жери кооз, экологиясы таза.

Бул үчүн келген туристтерге заманбап кызмат корсөтүүнү уюштуруу, шарт түзүү. Аларды камсыз кылуу үчүн Япония жана Германия сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдө чыгарылган зарыл технологиялык жабдууларды сатып келип, тийиштүү аймактарга орнотуу, туристтерди тейлөө маданиятын жолго коюу, элибизди эл аралык деңгээлдеги адеп-ахлакка тарбиялоо абзел.

Келечекте биз элибизди илим-билими өскөн, жөндөм шыгы арткан, таза жана кооз шаарларда жашап, өз өнөр жайында жасалып чыккан продукцияларын ири өлкөлөргө ири көлөмдө экспорттогон, космоско өз космос кемелерин учурган алдыңкы калк катары элестетебиз. Эх, ошол оюбуз эки-үч жылда эле жүзөгө ашып калсачы?!. Тилегибиз ишке ашаар, элибизде: “Жаштын тилегин Жараткан берет”, - деген үмүт жандырган акылман макал бар эмеспи !?...

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин эмгек жана социалык өнүгүү боюнча Нарын шаардык башкармалыгынын иш кагаздары

2. “Теңир Тоо”гезитине чыккан айрым маалыматтар

3. Нарын шаардык Статистика комитетинин маалыматтары

<u>Рецензент: э.и.к., доиентАсановЖ.</u>